КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
АК-СУУ РАЙОНУ

КЫДЫР АКЕ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
КЫДЫР АКЕ

**I чакырылыштын кезектеги 4-сессиясы**

**ТОКТОМ**

05.08.2024 № 48 **Теплоключенка айылы**

**Кереге-Таш айылынын “Ак Бака” ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин карамагындагы ичүүчү суу тарамдарын муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 “Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө” Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомунун 13.3-пунктунун негизинде айыл өкмөтүнүн сунушун карап, талкуугa алып, айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши токтом кылат:

1. Кереге-Таш айылынын “Ак Бака” ичүүчү сууну керектөөчүлөрдүн айылдык коомдук бирикмесинин (ИСКАКБ) карамагындагы ичүүчү суу тарамдарын муниципалдык менчикке алууга макулдук берилсин.
2. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.И.Алмабеков**